## АСКЕР КЫЗМАТЧЫЛАРЫНЫН ШАЙЛОО УКУКТАРЫН КАМСЫЗДОО БОЮНЧА ИШТИ УЮШТУРУУ

• Чакыруу жана келишим (контракт) боюнча аскердик кызматты өтөп жаткан аскер кызматчы шайлоочуларды, жана алардык үй-бүлөлөрүндөгү шайлоочуларды эсепке алуу үчүн ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар, ошондой эле социалдык өнүктүрүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган ар бир жылдын 1-февралына жана 1-августуна карата көрсөтүлгөн шайлоочулардын анык саны жөнүндө маалыматты Борбордук шайлоо комиссиясына берип турууга милдеттүү.

• Аскердик бөлүктөрдүн командирлери аскер кызматчыларынын шайлоо укуктарын, анын ичинде аскер кызматчыларынын добуш берүүгө киргүүсү үчүн инсандыгын ырастаган документтер менен камсыздоо жана шайлоочулардын тизмесинен текшерилүүсү үчүн жоопкерчилик тартат.

• Аскер кызматчысынын документи жок болгон учурда, аскердик бөлүктүн командири аны алуу үчүн Санариптик өнүктүрүү министрлиги (**мурдагы МКК,** мындан ары – СӨМ) менен өз ара аракеттешет.

• Аскердик бөлүктөрдүн командирлери аскер кызматчылары шайлоочулардын тизмесинде болушун текшерет. Аскер кызматчыларын шайлоочулардын тизмесинен текшерүүдө, төмөндөгү ресурстарды колдонууга болот:

- **«Тизме»** мамлекеттик порталы (http://tizme.gov.kg), "КР ЖК ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛООДО ӨЗҮҢДҮ ШАЙЛООЧУЛАРДЫН ТИЗМЕСИНЕН ТАКТА" бөлүгү;
- түз байланыш телефонунун **119** номерине чалуу (чалуу акысыз);
- БШКнын **1255** номери боюнча call-борборуна чалуу (чалуу акысыз);
- "МКК кызмат көрсөтүүлөрү" мобилдик тиркемеси, "УШК номери" бөлүмү.

• Шайлоочулардын тизмесинен аскер кызматчысынын жеке маалыматтары боюнча так эместиктер табылган учурда (дареги, ФАА, ж.б. туура эмес жазылган), аскердик бөлүктүн командири арыз толтурууга көмөктөшөт жана аскер кызматчысынын паспортунун көчүрмөсү менен чогуу **2021-жылдын 12-ноябрынан (кошуп алганда)** кечиктирбестен, аны участкалык шайлоо комиссиясына өткөрүп берет.

• Аскер кызматчыларынын биометрикалык каттоосу жок болсо, аскердик бөлүктүн командирлери аскер кызматчыларынын биометрикалык каттоодон өтүшү боюнча ишти уюштурат. Шайлоочулардын биометрикалык маалыматтарын чогултуу аскердик бөлүктүн аймагында **2021-жылдын 12-ноябрынан (кошуп алганда)** кечиктирбестен уюштурулушу мүмкүн.

• Биометрикалык маалыматтарды чогултуу боюнча СӨМдүн көчмө тобунун иш графиги аскердик бөлүктүн командири менен биргелешип түзүлөт. Биометрикалык каттоодон өткөндөн кийин СӨМ паспортто көрсөтүлгөн маалыматтарга ылайык жарандарды шайлоо участкасынын шайлоочуларынын тизмесине киргизет.

• Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо жана референдум өткөрүүдө, шайлоочулардын тизмесине киргизүү үчүн бөлүктүн командири тарабынан күбөлөндүрүлгөн, аскер кызматчылары жөнүндө маалыматтар **2021-жылдын 15-ноябрынан (кошуп алганда) кечиктирбестен** тиешелүү участкалык шайлоо комиссиясына өткөрүлүп берилет. Маалыматтар аскердик бөлүктүн командиринин кол тамгасы жана мөөр менен күбөлөндүрүлөт.

Бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча шайлоочулардын тизмесине жергиликтүү жамааттын мүчөсү болуп саналган, Кыргыз Республикасынын жарандары киргизилет. Жергиликтүү жамааттын мүчөсү – бир мандаттуу шайлоо округунун курамына киргизилген тиешелүү айыл аймагында, шаарда туруктуу жашаган Кыргыз Республикасынын жараны. Шайлоочунун жергиликтүү жамааттагы мүчөлүгү добуш берүү күнүнө чейинки 90 күндөн кем эмес мөөнөттө жарандын паспортунда, паспорттун тибинде жазылган жашаган жерин каттоо жөнүндө белги же болбосо Кыргыз Республикасынын Улуттук паспортторунун мамлекеттик реестринде (УПМР) жашаган жеринин дарегин каттоо менен аныкталат.

• Аскердик бөлүктөрдүн командирлери аскер кызматчыларынын тиешелүү шайлоо участкаларынын аймагында добуш берүү мүмкүнчүлүгүн камсыздашат.

• Аскердик бөлүктөрдүн командирлери добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу үчүн добуш берүү күнү кызмат өтөгөн аскер кызматчыларынын жана мамлекеттик чек араны түздөн-түз кайтаруу бөлүмчөлөрүнүн аймагында жашаган алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн тизмесин **2021-жылдын 25-ноябрына чейин** тиешелүү шайлоо комиссиясына берет.

### Аскер кызматчыларын кабарландыруу боюнча ишти уюштуруу жана алардын арасында шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү тартиби

• Аскердик бөлүктөрдүн командирлери, аймагында аскердик бөлүк жайгашкан участкалык шайлоо комиссиялары менен биргеликте, аскер кызматчыларын алдыдагы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө өз убагында жана анык маалымдоого жоопкерчиликти алат.

• Аскердик бөлүктөрдүн орун-жайларында маалыматтык материалдарды илүү үчүн атайын жеткиликтүү орундар уюштурулат.

• Маалыматтык материалдар аскердик бөлүктөрдүн командирлерине тиешелүү шайлоо комиссияларынын өкүлдөрү тарабынан берилет.

• Ар бир талапкерге, саясий партияга, аскердик бөлүктө жүргөн жарандардын арасында шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү үчүн тең шарттар камсыздалат.

• Шайлоо алдындагы үгүт **2021-жылдын 29-октябрында** башталып, **2021-жылдын 27-ноябрында саат 08:00дө** токтойт.



# МААЛЫМАТ
## (АСКЕР КЫЗМАТЧЫЛАРЫ ҮЧҮН) 2021-ЖЫЛДАГЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛОО ЖӨНҮНДӨ

ЖК ШАЙЛОО ВЫБОРЫ 28.11.2021

**Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы**

**Кыргызстан, Бишкек ш., 720011, Пушкин көчөсү, № 50**
**тел.: +996-312-620-823, www.shailoo.gov.kg**


Federal Foreign Office | Norwegian Ministry of Foreign Affairs | ОБСЕ Организация по безопасности и сотрудничеству в Европе Программный офис в Бишкеке

# Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо тартиби

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ШАЙЛАНУУЧУ ДЕПУТАТТАРЫНЫН ЖАЛПЫ САНЫ 90 ДЕПУТАТТЫ ТҮЗӨТ, АНЫН ИЧИНЕН:

Партиялык тизме боюнча **КР ЖКнын 54 депутаты** шайланат. Кыргызстандын бүт аймагы бирдиктүү шайлоо округу болуп саналат. Шайлоочулар партия жана партиянын талапкерлеринин тизмесинен бир талапкерге добуш берүүгө укуктуу.

**КР ЖКнын 36 депутаты** бир мандаттуу шайлоо округдарында шайланат. Бардыгы **36 бир мандаттуу** шайлоо округу бар.







### МААНИЛҮҮ!

Шайлоочу партиянын номерин жана ал партиянын талапкерлеринин тизмесиндеги өзү добуш берүүгө ниеттенип жаткан талапкердин номерин эсинде сактоосу зарыл.

## ТАЛАПКЕРЛЕРГЕ ЖАЛПЫ ТАЛАПТАР

Аракетке жөндөмдүү, 25 жашка толгон, чет мамлекеттин жарандыгы жок, соттуулугу мыйзамда белгиленген тартипте жоюлган, жогорку билимге ээ КР жараны талапкер боло алат. Талапкер бир мандаттуу шайлоо округу боюнча гана же саясий партиянын талапкерлеринин тизмесинде гана көрсөтүлүшү мүмкүн.

## ТАЛАПКЕРЛЕРДИ КӨРСӨТҮҮ

### БИРДИКТҮҮ ШАЙЛОО ОКРУГУ БОЮНЧА (ПАРТИЯЛЫК ТИЗМЕЛЕР БОЮНЧА)

Партиялар 54 талапкерден ашпаган санда талапкерлердин тизмесин көрсөтөт.













### БИР МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУ БОЮНЧА

Талапкерлер партиядан жана жарандар өзүн-өзү көрсөтүү жолу менен көрсөтүлүшү мүмкүн.





# ДОБУШ БЕРҮҮ ТАРТИБИ


### БИРДИКТҮҮ ШАЙЛОО ОКРУГУ БОЮНЧА (ПАРТИЯЛЫК ТИЗМЕЛЕР БОЮНЧА)

- Саясий партиялардын талапкерлери боюнча бюллетень 2 бөлүккө бөлүнгөн.
- Биринчи бөлүгүндө партиялар жана "Баарына каршы" сабы, экинчи бөлүгүндө партиянын талапкерлеринин тизмесиндеги талапкерлердин санына туура келген 54 бош чарчы көрсөтүлгөн.
- Бюллетендин жогорку бөлүгүндө тандалган партиянын тушундагы чарчыга бир белги жана партиянын талапкерлеринин тизмесиндеги тандалган талапкердин номеринин чарчысына бир белги же "Баарына каршы" чарчысына белги коюу керек.



### БИР МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУ БОЮНЧА

- Бюллетень талапкердин ФАА жана "Баарына каршы" сабын камтыйт
- Бюллетенге тандалган талапкердин тушундагы бош чарчыга же "Баарына каршы" чарчысына белги коюу керек.
- Бир гана талапкерге добуш берүүгө болот.






## ШАЙЛООНУН НАТЫЙЖАЛАРЫН АНЫКТОО

### БИРДИКТҮҮ ШАЙЛОО ОКРУГУ БОЮНЧА (ПАРТИЯЛЫК ТИЗМЕЛЕР БОЮНЧА)

Добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын 5% жана андан көп пайыз добушун алган, ошондой эле ар бир облус, Бишкек жана Ош шаарлары боюнча добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын 0,5% жана андан көп пайыз добушун алган партиялар депутаттык мандаттарды бөлүштүрүүгө катышат.

Партиялар алган депутаттык мандаттардын саны шайлоочулардын добуштарынын санына пропорциялуу аныкталат.

Мында мандаттардын 30%ы аялдарга бөлүштүрүлөт, калган мандаттар шайлоочулардын кыйла көп добушун алган талапкерлердин ортосунда бөлүштүрүлөт.

### БИР МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУ БОЮНЧА

Шайлоочулардын кыйла көп сандагы добушун (добуштардын жөнөкөй көпчүлүгүн) алган талапкер депутат катары таанылат.

Талапкерлердин алган добуштары тең чыккан учурда, каттоо үчүн документтердин топтомун датасы жана убактысы боюнча мурдараак берген талапкер бир мандаттуу шайлоо округу боюнча шайланган талапкер болуп эсептелет.

**СИЗДИН ТАНДООҢУЗГА ТААСИР ЭТҮҮГӨ ЭЧ КИМДИН УКУГУ ЖОК!**
**СИЗДИН КИМ ҮЧҮН ДОБУШ БЕРГЕНИҢИЗДИ ЭЧ КИМ БИЛБЕЙТ!**
**ДОБУШ БЕРҮҮНҮН КУПУЯЛЫГЫ КЕПИЛДЕНЕТ!**
**ЭРКИН ДОБУШ БЕРИҢИЗ!**